# Кимде-ким кайсыл бир жерге келсе: "Аъузу би калима тиллаахит-тааммаати миң шарри маа холак" деп айтса, анда ал кайра жолун улап кеткенге чейин ага эч нерсе зыян бербейт

Хавла бинт Хаким ас-Суламия (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын укканмын: "Кимде-ким кайсыл бир жерге келсе: "Аъузу би калима тиллаахит-тааммаати миң шарри маа холак" деп айтса, анда ал кайра жолун улап кеткенге чейин ага эч нерсе зыян бербейт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким болсо да кайсы бир жерге келгенде зыянын тийгизе турган коркунучтуу нерселерден коргой турган пайдалуу коргонууга жол көрсөткөн. Мейли сапарда жүргөндө болсун, же эс алууга чыкканда болсун, мейли башка учурда болсун айырмасы жок. Бул коргонуу: зыяны бар бардык макулуктардын жамандыгынан Аллах Тааланын арткычылыгы, берекеси, пайдасы толук тийе турган, эч кандай айып, кемчилиги жок сөзү менен сактанамын деп коргоо тилөө. Мына ушундай кылса, ал жерден кайра жөнөп кеткенге чейин зыянын тийгизе турган нерсенин баарынан аман болот.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee